# КОГНИТИВДИК ЛИНГВИСТИКАНЫН КЕЛИП ЧЫГЫШЫ ЖАНА ИЗИЛДЕНИШИ

**КАСЫМБАЕВА КЫЯЛ, окутуучусу**
*Ж.Баласагын атындагы КУУ.*

Тил илиминдеги анын башка тармактарына салыштырмалуу жаш, талаш-тартышы көп, жаңы багыттардын бири—когнитивдик лингвистика. Заманбап дүйнөлүк тил илиминде когнитивдик лингвистика ар тараптан изилдөөгө алынып, бул багыт боюнча улам жаңы эмгектер, илимий изилдөөлөр, ачылыштар жарыялanууда.

Когнитивдик лингвистика илимине чыйыр жол салгандар болуп, В.Гумбольдт, Э.Сепир, Дж.Миллер, Н.Хомскийлер саналат. Бул философ-окумуштуулардын эмгектеринде тил менен ой жүгүртүүгө биринчилерден болуп көңүл бурулган. В.Гумбольдт: «Тил – бул кандайдыр бир ойду жарата турган өзүнчө бир орган. Тил аркылуу ой кабыл алууга жеткиликтүү болот»[3; 75-бет] – десе, Э.Сепир: «Язык есть некая структура, по своей внутренней природе – форма мысли»[7; 18-бет] – деп белгилейт. Ал эми Н.Хомский «Язык и мышление» аттуу эмгегинде ой жүгүртүүнү изилдөөдө тилдин ролу чоң мааниге ээ экендигин белгилеп, «Тил – адамдын ой жүгүртүү ишмердүүлүгүнүн күзгүсү» [8; 7-бет], - деп жазат. Дж.Миллер 1960-жылы Гарвард университетинде америкалык профессор Дж.Бруннер менен бирге когнитивдик изилдөөлөр боюнча эң биринчи илимий борборду уюштурган.

Когнитивдик изилдөөлөр тил менен ой жүгүртүүнүн карым-катышына, адамдын тилге тийгизген таасири жана тилдин адамга тийгизген таасири, тактап айтканда, тил менен адамдын байланышы, башкача айтканда, экөөнүн ролуна көңүл бурган. Окумуштуулардын когнитивдик лингвистикага кызыгуусунун башкы себептеринин бири мына ушунда болгон. Анткени адам баласы тил аркылуу оюн билдирет, тил аркылуу алдына койгон максаттарын багындырат, эң негизгиси күнүмдүк тиричиликте пикир алышат. Бул илимге биринчилерден болуп врачтар, нейрофизиологдор, психологдор (И.М.Сеченов, К.Вернике, В.М.Бехтеров, П.Брока, И.П.Павлов ж.б.) кайрылышкан. Нейрофизиологиянын негизинде нейролингвистика келип чыккан(Л.С.Выготский, А.Р.Лурия). Бул илим аркылуу угуу, сүйлөө, окуу, тилди үйрөнүү, кабыл алуу процесстери адамдын мээси аркылуу ишке ашаары такталган.

Тил менен ой жүгүртүүнүн карым-катышын изилдөө андан ары психолингвистика тарабынан уланган. Психолингвистикада кептин жаралышы, кабыл алынышы, тилдик бирдиктердин адамдын аң-сезиминде сакталышы, иштелип чыгышы (россиялык лингвисттер А.А.Леонтьев, И.Н.Горелов, А.А.Залевская, Ю.Н.Караулов ж.б.; америкалык психолингвисттер Дж.Гринберг, Дж.Кэррол, Т.Себеок, Ч.Осгуд ж.б.) изилденген. И.А.Бодуэн де Куртенэ: «Языкознание вообүе относится к психическим наукам, вернее – к психическо-социальным»,-деп белгилеген[2;353-бет].

XX кылымдын аягында когнитивдик лингвистика илим катары калыптана баштаган. Бирок анын предмети жөнүндө, тактап айтканда, тил менен ой жүгүртүүнүн татаал байланышы тууралуу тил боюнча жарык көргөн алгачкы теориялык эмгектерде айтылып сөз боло баштаган.

Окумуштуу В.А.Маслованын пикиринде когнитивдик лингвистика когнитивдик илим, когнитивдик психология жана лингвистикалык семантика сыяктуу булактардын өз ара жуурулушунан жаралган [5; 18-бет].

Когнитивдик илим деген термин 70-жылдардын ортосунан баштап колдонула баштаган. Бул термин менен адамдын маалыматты кабыл алышы, мээсинде маалыматтын топтолушу жана колдонулушу сыяктуу процесстерди изилдей турган тармакты атай башташкан. Ал эми когнитивдик психологияга кайрылсак, лингвистика менен психологиянын байланышы тууралуу XIX кылымда эле младограмматиктер, ошондой эле, А.А.Потебня, Г.Штейнталь, В.Вундт өңдүү окумуштуулар жазып чыгышкан.

Когнитивдик маанини изилдөөнүн натыйжасында Н.Д.Арутюнова, А.Вежбицкая, Ю.С.Степанов, Е.С.Кубрякова сыяктуу окумуштуулар когнитивдик лингвистика илимине салым кошкон окумуштууларга айланышкан.

Жогоруда саналган булактардан тышкары когнитивдик лингвистиканын калыптанышында этнолингвистиканын, салыштырма-тарыхый тил илиминин да өз салымдары бар экенин окумуштуу В.А.Маслова өз эмгегинде белгилеген [5; 21-бет].

Заманбап когнитивдик лингвистика когницияны изилдеген илимдердин катарын толуктайт, башкача айтканда, когнитивдик илимдин бир тармагы. Е.С.Кубрякова когнитивдик илимди «…представляет собой зонтичный термин» деп белгилейт [4;7-бет]. Себеби когнитивдик илим өзүнө когнитивдик психология, когнитивдик лингвистика, когнитивдик социология өңдүү гуманитардык илимдерди камтыйт. Мурда таанып-билүү процесси катары каралса, азыркы учурда «когнитивдик» деген термин «ички», «менталдык» деген түшүнүктү берет.

Лингвистиканын тарыхында когнитивдик лингвистиканын тарыхын болжолдуу түрдө 1989-жылга алып барышат. Анткени ошол жылы Дуйсбургда болгон илимий конференцияда когнитивдик лингвистиканын ассоциациясын түзүү керектиги жөнүндө жарыя айтылат. Ошондон тартып өз алдынча лингвистикалык багыт катары өнүгүп баштайт.

«Когнитивдик грамматика» термини Дж.Лакофф менен Г.Томпсондун 1975-жылы жарыкка чыккан «Представляем когнитивную грамматику» деген макаласында эң биринчи жолу колдонулган. 1987-жылы Р.Лангакердин «Основания когнитивной грамматики» деген эмгеги биринчи жолу жарык көрөт. Бул эмгектер менен катар эле Дж.Лакоффтун «Женщины, огонь и опасные предметы» жана М.Джонсондун «Тело в мышлении» деген эмгектери жарыкка чыгат. Андан кийин XX кылымдын 80-жылдарында Л.Талми, Ч.Филлмор, У.Чейфтин макалалары жарыяланат.

90-жылдардын ортосунда Европада когнитивдик лингвистика боюнча биринчи окуу китептери чыгат: Ф.Унгерер жана Х.Й.Шмидттин «Введение в когнитивную лингвистику»(1996), Б.Хайне «Когнитивные основания грамматики»(1997).

Заманбап когнитивдик лингвистиканын калыптанышына өз салымын кошкон америкалык окумуштуулардын эмгектери орус тилине которулуп, 1998-жылы «Новое в зарубежной лингвистике» деген серия менен жарык көрөт.

Когнитивдик изилдөөлөр Францияда дагы болгондугун Р.А.Плунгян менен Е.В.Рахилинанын макалалары тастыктайт.

Ал эми Россиядагы когнитивдик лингвистиканын калыптанышына Т.Виноградовдун «Программа, понимающая естественный язык»(1972), Р.Шенктин «Обработка концептуальной информации»(1975) жана «Новое в зарубежной лингвистике» деген эмгектин 7-тому негиз болушкан.

Когнитивдик лингвистика боюнча Россиядагы алгачкы эмгектердин катарын «Структуры представления знания в языке»(1994) жана Н.Н.Болдыревдун «Когнитивная семантика»(2001) аттуу китептери толуктайт. Бул илимди андан ары улантып изилдеген окумуштуулар катары Розина, 1994; Демьянков, 1994; Худяков, 1996; Фрумкина, 1996; Рузин, 1996; Баранов, Добровольский, 1997; Залевская, 1998; Шарандин, 1998; Шаховский, 2000; Красных, 2000; Архипов, 2001 ж.б. саналат. Ал эми когнитивдик лингвистиканын өнүгүшүнө салмактуу салым кошкон илимпоздорго Н.Д.Арутюнованы, Е.С.Кубряковaны, Ю.С.Степановду, И.А.Стерninди кошсок болот. Алар лингвистиканын философия жана психология менен байланышын, ошондой эле, адамдын таанып билүү, кабыл алуу, ички ой жүгүртүүсүн туюндуруу сыяктуу процесстер тил менен тыгыз байланышта экендигин өзүлөрүнүн эмгектеринде чагылдырышкан.

Ю.С.Степановдун 1997-жылы чыккан «Константы: словарь русской культуры» деген эмгеги орус маданиятынын баалуулуктарын эң биринчи системалаштырган илимий иш болуп саналат. Аталган эмгекте «Чындык», «Мыйзам», «Сүйүү», «Жан», «Илим», «От», «Суу», «Нан», «Сан». «Убакыт», «Үй», «Тил» ж.б. концепттер каралган.

Когнитивдик лингвистика боюнча Е.С.Кубрякованын редакциялыгы астында 1996-жылы чыккан «Краткий словарь когнитивных терминов» деген сөздүктүн чыгышы бул илимдин ар тараптан изилдөөгө алынгандыгынан кабар берет.

Когнитивдик лингвистика аңдап билүү, түшүнүү, ой жүгүртүү, кабыл алуу учурундагы менталдык процесстерди изилдей турган илим. Анын башка когнитивдик илимдерден айырмачылыгы – эс тутум, кабыл алуу, аңдап түшүнүү сыяктуу процесстерди тилдин материалдарында карагандыгында.

Когнитивдик лингвистиканын тил илиминин башка тармактарынан өзгөчөлүгү жана негизги багыттары.

Когнитивизм – бул изилдөө объектиси адамдын аң-сезими, ой жүгүртүүсү ж.б.у.с. менталдык процесстер болгон илимдин бир багыты, адамдын таанып-билүү, кабыл алуу, дүйнөнү аңдап туюу ишмердүүлүгүн тил менен бирдикте карай турган тил илиминин бир бутагы.

Бүгүнкү күндө «когнитивизм» деген термин менен төмөнкүлөрдү аташат:

→ адамдын ой жүгүртүүсүн изилдөөгө арналган программаны;

→ адам кабыл алган маалыматтардын иштелип чыгышын.

Когнитивистикада адамдык когницияга көңүл бурулат, адамдын ички ой жүгүртүүсү изилдөөгө алынат. Адамдын жүрүм-туруму жана ишмердүүлүгүнүн негизинде анын когнитивдик дүйнөсү изилденет, тилдин катышуусу аркылуу ачылат. Мына ушул когнитивдик лингвистикада таанып-билүүнүн куралы катары тилге көп көңүл бурулат. Когнитивдик лингвистикадагы негизги терминдерге акыл-эс (разум); билим (знания); концептуализация; концептуалдык система; категоризация; менталдуулук; когниция; когнитивдик база; когнитивдик модель; концепт; концептосфера ж.б.у.с. терминдер кирет. Бул түшүнүктөрдүн бардыгы адамдын когнитивдик ишмердүүлүгү менен байланышта турат. Когнитивдик ишмердүүлүк – бул мээнин кандайдыр бир нерсени аңдап-туюусу, маалыматты иштеп чыгуусу менен коштолгон процесстер.

Жогоруда саналган терминдерге кененирээк токтолсок:

Акыл, эс – бул адамдын таанып билүү жөндөмдүүлүгү, ошондой эле, билимди, акыл ишмердүүлүктү иштеп чыгуучу бир механизм.

Билим – бул тажрыйбанын негизинде корутунду, эң акыркы чечим жана жыйынтыкты чыгара турган түшүнүк.

Концептуализация – бул адамдын мээсине келген маалыматтын концептке айланышына катышкан, таанып билүү ишмердүүлүгүнүн эң маанилүү процесстеринин бири.

Концептуалдык система – бул адамдын тажрыйбасы чагылдырган бизди курчап турган дүйнө жөнүндөгү ойлордун, билимдердин системасы.

Категоризация – бул чындыктын когнитивдик бөлүнүшү, башкача айтканда, адамдын ички жан дүйнөсүнүн өзгөрүү процессии.

Менталдуулук – бул дүйнөнүн өзгөчө картинасын түзүүгө катышкан ой жүгүртүү процессинин топтому(совокупность).

Когниция – бул когнитивдик илимдеги эң негизги түшүнүк. Ал адамдын билимин, акыл-эсин, ой жүгүртүүсүн, элестөөлөрүн, чыгармачылыгын, логикалык ой корутундусун, кыялдарын жана кабыл алуу, эстөө, көңүл буруу, таануу процесстерин өзүнө камтыйт.

Когнитивдик база – бул адамдын дүйнө таанымын өзүнө камтыган, когнитивдик түзүлүш катары сакталган маалыматтар.

Концептосфера – бул улуттук тилдик өзгөчөлүктөрдү камтыган концепттердин топтому, ой жүгүртүүнүн маалыматтык базасы. Термин илимге академик Д.С.Лихачев тарабынан киргизилген. Окумуштуунун пикири боюнча концептосфера тилдеги сөздөрдүн берген маанисине караганда кеңири болот. Элдин маданияты, фольклору, адабияты, илими, сүрөт искусствосу, тарыхый тажрыйбасы канчалык бай болсо, ал элдин концептосферасы да ошончо бай болоорун белгилейт.

Концепт – бул адамдын акыл-эсиндеги менталдык ресурстардын бирдиктерин

түшүндүрүүчү термин, башкача айтканда, адамдын психикасында чагылдырылган дүйнөнүн бүтүндөй картинасын камтыган бирдик. Концепт дайым өзгөрүүгө дуушар болот, себеби дүйнө дайыма өзгөрүп турат.

Жогоруда сөз болгон терминдер когнитивдик лингвистикадагы негизги түшүнүктөрдөн болуп саналат. Бул түшүнүктөргө кайрылуу менен когнитивдик лингвистиканын өзгөчөлүгү – адамдын дүйнө таанымын, көңүл буруусун, кабыл алуусун, таанып билүүсүн, аңдап туюусун, элестөөсүн, ой жүгүртүүсүн, акыл-эсин, билимин тил менен байланыштуу карап изилдегендигинде десек туура болот.

Азыр учурда заманбап когнитивдик лингвистика дүйнөнүн бардык булуң-бурчунда өзүнүн канат-бутагын жайган учуру. АКШ, Канада, Австралия, Германия, Франция ж.б. өлкөлөрдүн чоң-чоң университеттеринде когнитивдик илим боюнча борборлор түзүлгөн, когнитивдик лингвистика боюнча кафедралар ачылган.

Окумуштуулардын диссертациялык изилдөөлөрүндө жана илимий макалаларында когнитивдик лингвистиканын негизги багыттарын классификациялаганга аракет кылышкандыгы байкалат.

Е.Ю.Балашова когнитивдик лингвистиканын илимий багыттарынан лингвокогнитивдик жана лингвомаданияттык эки жолун бөлүп көрсөтөт. Лингвомаданият тармагыгда иштегендерге Ю.С.Степанов, В.И.Карасик, В.В.Красных, В.А.Маслова, Н.Ф.Алефиренко ж.б. кошот. Бул окумуштуулардын пикири боюнча концепт маданияттын негизги бирдиги катары каралат. Ал эми лингвокогнитивдик жол боюнча изилдөө жүргүзгөн окумуштууларга Е.С.Кубрякова, З.Д.Попова, И.А.Стерниндерди киргизет. Алардын пикири боюнча адамдын дүйнө таанымынын негизин концепт түзөт.

Лингвомаданияттык багытка А.В.Костин дагы кайрылган. Ал тилдин кумулятивдик функциясына токтолгон, тактап айтканда, элдин дүйнө таанымы, дүйнөгө болгон көз карашы, каада-салты, маданияты тил аркылуу сакталып, улам кийинки муунга калтырылат.

Лингвомаданияттык багыт боюнча иштегендердин катарына С.Г.Воркачев, В.В.Воробьев, Г.В.Токарев, Ф.Ф.Фархутдинова, А.Т.Хроленко, В.М.Шаклеин ж.б. кошсок болот.

А.В.Костин заманбап когнитивдик лингвистиканын дагы төмөнкүдөй багыттарын көрсөтөт:

→жекече-кептик (Д.С.Лихачев)

→семантикалык (Н.Ф.Алефиренко, А.Вежбицкая, В.В.Колесов, И.П.Михальчук. В.П.Нерознак)

→маданияттык (Ю.С.Степанов, В.И.Карасик)

→логикалык (Н.Д.Арутюнова, Т.В.Булыгина, А.Д.Шмелев, Г.В.Макович, Р.И.Павиленис, М.Р.Проскуряков).

→когнитивдик (А.П.Бабушкин, Е.С.Кубрякова, З.Д.Попова. И.А.Стернин, Г.В.Токарев, Ж.Ф.Ришар, С.Х.Ляпин, А.В.Кравченко, Г.А.Волохина)

→лингвомаданияттык (С.Г.Воркачев, Н.В.Телия. Ф.Ф.Фархутдинова).

Ал эми И.А.Стернин менен З.Д.Попова когнитивдик лингвистикадагы акыркы изилдөөлөргө таянып, бул илимдин төмөнкүдөй багыттарын бөлүп көрсөтүшөт [28;16 -бет]:

● Маданияттык багыт концепттерди маданияттын элементтери катары изилдейт. Мындай изилдөөлөрдүн лингвистика менен байланышы жок болгон, тактап айтканда, тилди концептти жазуу үчүн гана колдонушкан (Ю.С.Степанов).

● Лингвомаданияттык багыт концептти улуттун баалуулуктарын, өзгөчөлүгүн, маданиятын чагылдырган тилдик бирдик катары изилдейт (В.И.Карасик, С.Г.Воркачев, Г.Г.Слышкин, Г.В.Токарев).

● Логикалык багыт логикалык методдор менен концепттерге анализ жүргүзгөн (Н.Д.Арутюнова, Р.И.Павиленис).

● Семантико-когнитивдик багыт концепттин мазмунун терең ачып берүүчү каражат

катары тилдин лексикалык жана грамматикалык семантикасын изилдейт (Е.С.Кубрякова, Н.Н.Болдырев, Е.В.Рахилина, Е.В.Лукашевич, А.П.Бабушкин, З.Д.Попова, И.А.Стернин, Г.В.Быкова).

Жогоруда саналган багыттардын бардыгы заманбап лингвистикада калыптанган, бардыгынын өзүнүн методикалык принциптери бар. Бул багыттарды концепт боюнча айтылган теориялык көз караштар гана бириктире алат.

Жыйынтыктап айтканда, когнитивдик лингвистика тил менен ой жүгүртүүнүн татаал байланыштарын изилдейт.

Когнитивдик лингвистика – аңдап-туюу процессин, ага байланыштуу адамдын мээсинин маалыматты кабылдоо, аны иштеп чыгаруу (лексикалаштыруу), акыл-эсте сактоо маселелерин изилдөөчү илим.

Концепт – элдин ой-пикири, көз карашынын жыйындысынан турган, өз мазмунуна менталдык маалыматты камтыган бирдик.

**Адабияттар:**


1.Арутюнова Н.Д. «Язык и мир человека» М.:1998 325-бет.
2.Бодуэн де Куртенэ И.А. «Избранные труды по обүему языкознанию» М.:1963 , 353-бет.
3.Гумбольдт фон В. «Избранные труды по языкознанию» М.:1984, 75-бет
4.Кубрякова Е.С. «Краткий словарь когнитивных терминов» М.:1997
5.Маслова В.А. «Когнитивная лингвистика» Минск:2015
6.Попова З.Д.Стернин И.А. «Когнитивная лингвистика» М.: 2007. 16-бет.
7.Сепир Э. «Язык. Введение в изучение речи» М.: 1934, 3-бет.
8.Хомский Н. «Язык и мышление» М.:1972, 7-бет.
9.Юдахин К.К. «Орусча-кыргызча сөздүк» М.:1957 239, 671, 706-беттер.